# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
# КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН
# АНЫКТАМАСЫ

Хумайра Хабибуллаевна Зайдинованын кызыкчылыгын көздөгөн Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2023-жылдын 16-июну Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: М.Р. Бобукеева, Л.П. Жумабаев, Ж.А. Шаршеналиев сот отурумунун катчысы Маамыталы кызы Камиланын катышуусунда Хумайра Хабибуллаевна Зайдинованын кызыкчылыгын көздөгөн Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун өтүнүчүн карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**Т А П Т Ы:**

2023-жылдын 18-майында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна Х.Х. Зайдинованын кызыкчылыгын көздөгөн М.М. Жорокуловдун "Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти менчиктештирүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 37-статьясынын биринчи абзацы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 15-беренисинин 1-бөлүгүнө, 24-беренесинин 2-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Өтүнүчтөн жана ага тиркелген материалдардан келип чыккандай, талашылып жаткан ченем, эгерде мамлекеттик мүлктү менчиктештирүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана башка ченемдик укуктук актыларынын жоболорун, ошондой эле мамлекеттик мүлктү сатып алуу-сатуу келишиминин шарттарын бузуу менен ишке ашырылса, Кыргыз

Республикасынын Өкмөтү, мамлекеттик мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, мүлктүн сатып алуучулары, Кыргыз Республикасынын прокуратурасынын органдары мамлекеттик мүлктү менчиктештирүү бүтүмдөрүн бузуу, жоопкерчилик чараларын көрүү, көрсөтүлгөн бүтүмдөрдү жокко чыгаруу, жараксыз бүтүмдү жокко чыгаруунун кесепеттерин жоюу, Кыргыз Республикасынын менчиктештирүү жөнүндөгү мыйзамдарынын бузулушун четтетүү жана күнөөлүү жактарды жоопкерчиликке тартууну сот тартибинде доо коюуга (иш козгоого) укуктуу.

Кайрылуу субъектиси белгилегендей, 2023-жылдын 14-мартындагы Ош шаардык сотунун чечими менен Ф.К. Миржамалованын, Х.Х. Зайдинованын жана А.М. Мамаджановдун Ош облустук мамлекеттик мүлк фонду жана Н.Т. Шырдаковдун ортосунда түзүлгөн 1998-жылдын 9-ноябрындагы курулушу бүтө элек Универмагды менчиктештирүү жөнүндө келишимин жараксыз деп табуу тууралуу доо арызы доогер Х.Х. Зайдинова доо коюуга укугу бар субъекттердин тизмесине кирбегендиктен, канааттандыруудан баш тартылган.

М.М. Жорокуловдун айтымында Х.Х. Зайдинова "Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти менчиктештирүү жөнүндө" Мыйзамдын 37-статьясында көрсөтүлгөн прокуратура органдарына жана Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондуна жогоруда аталган менчиктештирүү келишимин жараксыз деп табуу жөнүндө арыз менен кайрылып, бирок коюлган маселе оң жакка чечилген эмес.

Арыздануучу талашылып жаткан ченем Конституцияда белгиленген ар бир адамдын менчикти коргоо жана натыйжалуу соттук коргонууга болгон укугун чектеп жаткандыгын белгилейт.

Кайрылуу субъектисиин пикиринде, Конституциянын 15-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасында менчиктин жеке, мамлекеттик, муниципалдык жана башка түрлөрү бирдей деңгээлде таанылат жана корголот, демек, менчикти коргоону мамлекет жүзөгө ашырат жана ар бир менчик ээси менчикти мыйзам жол берген бардык аракеттерди көрүү менен коргоого укуктуу.

Өзүнүн жүйөлөрүн негиздөөдө, өтүнүчтүн автору Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын бир нече чечиминде мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдей жөнүндө конституциялык принципти чечмеленген укуктук позицияларына жана Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пактынын жоболоруна шилтеме жасаган.

М.М. Жорокулов Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинде сатуу-сатып алуу келишими келишимдин тараптары болбогон, бирок кызыкчылыктарды бузулду деп эсептелген адамдар тарабынан даттануу укугу көрсөтүлгөндүгүнө карабастан, талашылып жаткан ченем менчиги тартылып жаткан адамга ал боюнча сотко кайрылуу укугун чектеп жаткандыгын белгилейт.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, арызданууч талашылып жаткан ченемдик жоболорду Конституцияга карама-каршы келет деп таанууну өтүнөт.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья-баяндамачы М.Р. Бобукееванын маалыматын угуп, төмөнкү тыянакка келди.

“Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 27-беренеси менен Конституциялык сотко болгон кайрылууга коюлуучу жалпы талаптар караштырылган. Алсак, аталган берененин 4-бөлүгүнүн 9-пунктуна ылайык, кайрылууда арызданууч унун коюлган маселе боюнча позициясы жана анын Конституциянын тиешелүү ченемдерине шилтеме жасалган укуктук негиздемеси көрсөтүлүүгө тийиш. Бул талап арызданууч унун жүйөлөрү фактологиялык эмес, укуктук мүнөздө болуп, конституциялык орнотмолор менен тутумдук байланышта туруп жана аны менен талашылып жаткан ченемдин жөнгө салуучулук таасиринин

конституциялуулугунда аныксыздыкты пайда кылышы керек дегенди билдирет.

Административдик актыны жараксыз же административдик органдын аракетин (аракетсиздигин) мыйзамсыз деп толугу менен же болбосо бир бөлүгүн таануу жөнүндө административдик иштер административдик сот өндүрүш тартибинде биринчи инстанция боюнча соттор тарабынан жоопкердин жайгашкан жери боюнча каралат.

Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, алардын кызмат адамдарынын мыйзамдарга ылайык келбеген жана жарандын же юридикалык жактын граждандык укуктарын жана мыйзам тарабынан корголуучу таламдарын бузган ченемдик актылары (административдик актылары) Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 12-статьясынын, Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинин 174-беренесине ылайык жараксыз деп табылышы мүмкүн.

Мындан тышкары “Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти менчиктештирүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамды, башка мыйзамдарды жана аларга ылайык кабыл алынган менчиктештирүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын бузгандык үчүн жеке жана юридикалык жактар, мамлекеттик мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү саясатты иштеп чыгуу жана мамлекеттик мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Кыргыз Республикасынын жарандык, административдик жана жазык мыйзамдарында каралган учурларда жана тартипте жоопкерчилик тартат.

Баяндалгандарды эске алып, судьялар коллегиясы Х.Х. Зайдинованын кызыкчылыгын көздөгөн М.М. Жорокуловдун кайрылуусунда камтылган талашылып жаткан ченем укуктук аныксыздыкты камтыган ченем катары каралышы мүмкүн эмес, демек, бул кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу үчүн негиздерди тапкан жок.

“Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктунун талабына ылайык, эгерде кайрылуу формасы жана мазмуну боюнча аталган конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келбесе, судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат.

Жогоруда аталган тыянактардын негизинде, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1, 4-пункттарын жана 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1 Х.Х. Зайдинованын кызыкчылыгын көздөгөн М.М. Жорокуловдун “Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти менчиктештирүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 37-статьясынын биринчи абзацынын конституциялуулугун текшерип берүү жөнүндө өтүнүчү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2. Келтирилген материалдар арыз ээсине кайтарылып берилсин.

3. Аныктама тараптар жагынан үч айдын ичинде Конституциялык сотко даттанылышы мүмкүн.

Коллегия судей: М.Р. Бобукеева

Л.П. Жумабаев

Ж.А. Шаршеналиев

№_______